КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

24.08.2023 № 4935/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын ыктыярдуу негизде (сынама жана негизги) республикалык тестирлөөсү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу, окуучулардын жетишкендиктеринин жалпы билим берүү программаларынын талаптарына ылайык келүү даражасын, окутуу процессине жана билим берүүнүн сапатына көз карандысыз баа берүү, окуучуларды мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясына, которуу жана кирүү экзамендерине даярдоо, алардын тесттик контролдун жол - жоболору боюнча көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча системалуу аныктоону, ошондой эле сынама жана негизги тестирлөөнү ыктыярдуу негизде уюштурууну камсыдоо максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын ыктыярдуу негизде республикалык (сынама жана негизги) тестирлөөсү жөнүндө Жобо 1-тиркеме ылайык бекитилсин;
2. Жалпы билим берүү уюмдарында 9, 10 жана 11-класстардын окуучуларына ыктыярдуу негизде республикалык тестирлөөнү өткөрүүнүн ар жылдык графиктин төмөнкүдөй этаптары мөөнөттөрү менен белгиленсин:
- I этап - сынама тестирлөө жыл сайын 15-октябрдан 20-декабрга чейин;
- II этап - сынама тестирлөө жыл сайын 20-январдан 15-мартка чейин;
- III этап - негизги тестирлөө жыл сайын 15-апрелден 15-майга чейин.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар улуттук борбору (мындан ары - ББСБМТУБ) (Б: Шамшидинова):

- жалпы билим берүү уюмдарынын 9, 10 жана 11-класстарынын окуучуларын ушул буйруктун 2-пунктунда белгиленген ар жылдык графикке ылайык ыктыярдуу негизде тестирлөө өткөрүүнү камсыз кылсын;
- жалпы билим берүү предметтери боюнча контролдук-өлчөө материалдары менен тестирлөөнүн жол-жобосу алдын ала каралсын;
- жалпы билим берүү предметтери боюнча контролдук-өлчөө материалдарынын (тесттик материалдардын) мазмуну мектептеги жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын, негизги жана орто мектептердин предметтик стандарттарынын жана окуу программаларынын базалык деңгээлине ылайык келүүсүн камсыз кылсын;
- тестирлөө өткөрүлгөн күндөн тартып 14 жумушчу күндөн кечиктирбестен билим берүүнүн мамлекеттик башкаруунун региондук органдарына жана жалпы билим берүү уюмдарына тестирлөөнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтын берилишин камсыз кылсын;

4. Ош билим берүү институтунун, Ысык-Көл облустук билим берүү институтунун, Чүй облустук билим берүү усулдук бөлүмүнүн, Баткен, Жалал-Абад, Нарын жана Талас облустук усулдук билим берүү борборлорунун, Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаментинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жана бардык типтеги жана менчик формасындагы жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- окуучуларды тестирлөөнүн мөөнөттөрү жана формалары жөнүндө окуучулардын, ата-энелердин жана педагогикалык коомчулуктун арасында системалуу түрдө кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
- ушул буйруктун 2-пунктунда белгиленген ар жылдык графикке ылайык тестирлөө өткөрүүнүн конкреттүү даталарын ББСБМТУБ менен макулдашуунун негизинде дайыма аныктасын;
- белгиленген форма боюнча тестирлөөгө катышуу үчүн окуучулар боюнча билдирмелерди тестирлөө башталганга чейин эки жумадан кечиктирбестен төмөнкү Email дарегине: ncoko.logistic@mail.ru (ББСБМТУБ) жөнөтсүн;
- тестирлөө өткөрүү үчүн региондук зоналарды түзүүгө (зонада 150дөн кем эмес окуучу) жана билим берүүнү башкаруу органдарынын кызматкерлеринин ичинен тестирлөөнү уюштурууга жооптуу адистерди дайындасын;
- ташып жеткирүү жана тестирлөө мезгилдеринде окуучулар үчүн бардык зарыл болгон коопсуз шарттарды камсыздасын.

5. «Кут Билим» медиа борборунун директору (К.Чекиров) бул буйрукту жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мектептеги билим берүү саясаты жана китеп чыгаруу башкармалыгына (К. Акматов) жүктөлсүн.

**О республиканском тестировании (пробном и основном) учащихся общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на добровольной основе**

Во исполнение Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22 июля 2022 года № 393, с целью системного определения степени соответствия достижений обучающихся требованиям общеобразовательных программ, процесса обучения и проведения независимой оценки качества образования, подготовки учащихся к государственной итоговой аттестации, переводным и вступительным экзаменам, формирования навыков по процедурам тестового контроля, а также организации пробного и основного тестирования на добровольной основе, **приказываю**:

1. Утвердить Положение о республиканском тестировании (пробном и основном) учащихся общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на добровольной основе согласно приложению 1.
2. Установить следующие этапы ежегодного графика со сроками проведения республиканского тестирования учащихся 9, 10 и 11 классов в общеобразовательных организациях на добровольной основе:

- I этап - пробное тестирование ежегодно с 15 октября по 20 декабря;
- II этап - пробное тестирование ежегодно с 20 января по 15 марта;
- III этап - основное тестирование ежегодно с 15 апреля по 15 мая.

3. Национальному центру оценки качества образования и информационных технологий (далее - НЦОКОИТ) при Министерстве образования и науки Кыргызской Республики (Б. Шамшидинова):

- обеспечить проведение тестирования учащихся 9, 10 и 11 классов общеобразовательных организаций на добровольной основе согласно ежегодному графику, установленному в пункте 2 настоящего приказа;
- предусмотреть процедуру тестирования контрольно-измерительными материалами по общеобразовательным предметам;
- обеспечить соответствие содержания контрольно-измерительных материалов (тестовых материалов) по общеобразовательным предметам базовому уровню государственного образовательного стандарта школьного

общего образования, предметных стандартов и учебных программ основной и средней школы;

- предоставлять информацию о результатах тестирования региональным органам государственного управления образованием и общеобразовательным организациям не позднее 14 рабочих дней со дня его проведения.

4. Руководителям Ошского института образования, Иссык-Кульского областного института образования, Чуйского областного методического отдела образования, Баткенского, Жалал-Абадского, Нарынского и Таласского областных методических центров образования, Департамента образования мэрии г. Бишкек, Ошского городского управления образования, районных и городских отделов образования и общеобразовательных организаций всех типов и форм собственности:

- проводить систематическую информационно-разъяснительную работу среди учащихся, родителей и педагогической общественности о сроках, месте проведения и формах тестирования учащихся на добровольной основе;
- определять ежегодно при согласовании с НЦОКОИТ конкретные даты проведения тестирования в рамках установленного графика в пункте 2 настоящего приказа;
- предоставлять заявки по установленной форме на учащихся для участия в тестировании не позднее двух недель до начала тестирования по Email: ncoko.logistic@mail.ru (в НЦОКОИТ);
- создать региональные зоны (не менее 150 учащихся в зоне) для проведения тестирования и назначать ответственных за организацию тестирования из числа специалистов органов управления образованием;
- обеспечивать все предусмотренные безопасные условия для учащихся в период их подвоза и тестирования.

5. Директор медиа-центра “Кут Билим” (К.Чекиров) опубликовать настоящий приказ.

6. Контроль над исполнением приказа возложить на Управление политики школьного образования и книгоиздания Министерства образования и науки Кыргызской Республики (К.К. Акматов).

**Министр** **К.К. Иманалиев**